КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-январы №114 Тилекмат айылы

**«М-Групп» жоопкерчилиги чектелген коому аркылуу Ак-Дөбө айыл аймагына курула турчу кыш заводу жөнүндө.**

«М-Групп» жоопкерчилиги чектелген коому аркылуу Ак-Дөбө айыл аймагына кыш заводу курулмай болду. «М-Групп» жоопкерчилиги чектелген коому менен Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын ортосундагы түзүлгөн келишимдин негизинде, Тилекмат, Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн айылдарынын элдери менен болгон жыйынды эске алуу менен социалдык пакеттер боюнча коомдун президенти М.Жунусованын билдирүсү угулуп, талкууланып айылдык кенеш токтом кылат:

1. «М-Групп» жоопкерчилиги чектелген коомунун президенти Жунусова Мээрим Маратовна менен Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы ортосундагы түзүлгөн келишимдин негизинде, кыш завод түшүүчү жер Ак-Дөбө айыл аймагында жайгашкандыгын жана айыл аймактын жайыт жери экенин эске алып, социалдык маселелерин чечүүгө келишимде каралган социалдык пакет Тилекмат, Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн айылдарынын туруктуу жашаган тургундарына берилсин.
2. Берилүүчү социалдык пакет 50,0 (элүү миң) АКШ доллары жана жылына 500,0 (беш жүз миң) даана кыш нарк баасында деп бекитилсин.
3. Социалдык пакетте каралган 50,0 (элүү миң) АКШ доллар акча каражаты жана нарк баасында берилүүчү 500,0 (беш жүз миң) даана кыш Тилекмат, Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн айылдарына гана тиешелүү деп табылсын.
4. «М-Групп» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан иш башталганда 30,0 (отуз миң) АКШ доллары жана 200,0 (эки жүз миң) кыш нарк баасында социалдык пакет Тилекмат, Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн айылдарына берилсин. Калган 20,0 (жыйырма миң) АКШ доллары менен нарк баасында берилүүчү 500,0 (беш жүз миң) даанага чейин кыштын көлөмү өндүрүштүн өсүшү менен берилери эске алынсын.
5. Курула турчу кыш заводуна Тилекмат айылы жакын жайгашкандыгын эске алуу менен жана калкынын санына жараша социалдык пакеттин Тилекмат айылына -50 пайыз, Ак-Дөбө айылына -20 пайыз, Аң-Өстөн айылына – 20 пайыз, Мундуз айылына – 10 пайыз өлчөмдө бөлүнсүн.
6. Социалдык пакетти ишке ашыруу Тилекмат, Ак-Дөбө, Мундуз, Аң-Өстөн айылдарынын айыл башчыларына жүктөлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.Тыныбеков**